*К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектеби*

*ОТИ боюнча директордун орун басары*

_______________________

*Жылкыбаева А.Ж.*

*"Бекитемин"*

*"_5_" __09__ 2022-жыл*

*Мектеп директору:__________*

*Чортонова Н.Т.*

# *Тарых сабагы боюнча*

# *2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн календарлык-тематикалык план*

# *5-, 6-,7-,8-,9-,10-,11-класстар үчүн*

## *Мугалим:Тентимишева Г.А.*

Усулдук бирикмеде каралды
“5” сентябрь 2022-2023 -окуу жылы
ОТИ боюнча директордун орун басары:
_______ Жылкыбаева А.Ж.

“Бекитемин”
Мектеп директору:
_______ Чортонова Н.Т.

тарых сабагы боюнча 2022-2023 - окуу жылы үчүн

## КАЛЕНДАРЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАШТЫРУУ

**Мугалим: Тентимишева Г.А.**

| Класс-тар | Жума-лык саат | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | Жылдык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү |
| 5а | 3 | | | | | | | | | | |
| 5б | 3 | | | | | | | | | | |
| 6 | 2 | | | | | | | | | | |
| 7 | 2 | | | | | | | | | | |
| 8 | 2 | | | | | | | | | | |
| 9 | 2 | 16 | 16 | | | | | | | | |
| 10 | 2 | | | | | | | | | | |
| 11 | 2 | | | | | | | | | | |

## ЖАЗУУ ИШТЕРИНИН НОРМАЛАРЫНЫН АТКАРЫЛЫШЫ

| Класс-тар | Жума-лык саат | 1-чейрек | | 2-чейрек | | 3-чейрек | | 4-чейрек | | Жылдык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү | план боюнча | өтүл-дү |
| 5а,б | 2 | 1 | 1 | | | | | | | | |
| 6 | 2 | 1 | 1 | | | | | | | | |
| 7 | 2 | 1 | 1 | | | | | | | | |
| 8 | 2 | 1 | 1 | | | | | | | | |
| 9 | 2 | 1 | 1 | | | | | | | | |
| 10 | 2 | 1 | 1 | | | | | | | | |
| 11 | 2 | 1 | 1 | | | | | | | | |

Программалар: ______________________________

Китептер: 5-кл. Ө.Ж. Осмонов „Кыргызстандын ж-а дүй-н тарыхы"
6-кл. Ө.Ж. Осмонов „Кыргызстандын ж-а дүйнөнүн тарыхы"
7-кл. Ө. Осмонов. „Орто кылымдар тарыхы"
7-кл. Т.К. Чоротегин. „Кыргызстан тарыхы"
8-кл. А.К. Доталиев „Жаңы тарых"
8-кл. Т.Н. Омурбеков „Кыргызстан тарыхы"
9-кл. Т. Омурбеков „Соңку тарых"
9-кл. М.Б. Иманкулов „Кыргызстан тарыхы"
10-кл. Ө. Осмонов „Дүйнө тарыхы"

«Бекитемин»
К.Маликов атындагы ЖББО мектебинин директору: ________ Чортонова Н.Т.

Текшерди: ________ Жылкыбаева А.Ж.

Тарых мугалими: ________ Тентимишева Г.А.

**6-класс.**
**I БӨЛҮК. Дүйнөнүн тарыхы**
**(Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизация)**
**2022-2023-окуу жылына карата календарлык-тематикалык план**
**(жумасына -2 саат, жылына -32 саат )**

| № | Сабактын темалары | Сааты | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжа | Үй тапшыр-масы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1- чейрек 16 саат | | | | | | |
| | I бөлүм. Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациянын негизи | | | | | |
| 1 | Киришүү сабагы | 1 | 05.09.2022. | -Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациялар, алардын Кыргызстан тарыхы менен дал келүүчүлүгү, түрк цивилизациясынын башка цивилизациялар менен маданий алакалары тууралуу жалпы маалыматтарга ээ болушат | | |
| 2 | Отурукташкан жана көчмөн цивилизациянын пайда болушу | 1 | 08.09.2022. | -Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациялардын түзүлүшүнө таасир тийгизген ички жана сырткы шарттарды аныктай алат.<br>-Эки маданиятты салыштырып, анализ жүргүзөт. | § 1.<br>92-98-бб. | |
| 3 | Байыркы Хорезм | 1 | 12.09.2022. | -Байыркы Хорезм жана шаар-калдыктары тууралуу маалыматка ээ болот.<br>-Тарыхый карта менен иштей алат.<br>-Тапшырмаларды аткарып, билимин бышыктайт. | § 2.<br>98-103-бб. | |
| 4 | Байыркы Бактрия | 1 | 15.09.2022. | -Байыркы Бактрия жана Грек-Бактрия мамлекеттери тууралуу маалыматтарды жана тарыхый картаны | §3.<br>103-109-бб. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | салыштырып, анализдейт.<br>-Тарыхый түшүнүктөргө аныктама бер. | | |
| 5 | Байыркы Согд | 2 | 19.09.2022.<br>22.09.2022. | -Археологиялык жана булактардагы маалыматтарды анализдеп, айтып берет.<br>-Кол өнөрчүлүк жана соода тармагындагы ийгиликтердин себептерин санап берет. | § 4.<br>110-115-бб. | |
| 6 | Хунндардын көчмөн империясы | 1 | 26.09.2022. | -Борбордук Азиядагы көчмөн элдер жөнүндөгү кытай булактарындагы маалыматтарды анализдейт.<br>-Хундардын чарбасы, коомдук түзүлүшү жөнүндө айтып берет. | § 5.<br>115-117-бб. | |
| 7 | Хунн мамлекетинин түзүлүшү | 1 | 29.09.2022. | -Хун империясынын түзүлүүсүнө таасир эткен ички жана сырткы шарттарды аныктайт.<br>-Моде шанүйдүн тарыхтагы ордун, ийгтлтктеринин себептерин белгилейт. | § 6.<br>117-120-бб. | |
| 8 | Элдердин улуу көчү | 2 | 03.10.2022.<br>06.10.2022. | -Элдердин улуу көчү түшүнүгүнө аныктама берет, хундар менен гундардын аталышындагы айырмачылыктардын себебин айтып бере алат.<br>-Атилланын ишмердүүлүгүн анализдейт. | §7.<br>120-124-бб. | |
| 9 | Кушан падышалыгы | 1 | 10.10.2022. | -Этнонимдердин чечмеленишин билет, аларды тарыхый картадан көрсөтө алат.<br>-Падышалардын ишмердүүлүгүн анализдеп, салыштырып, баа берет. | § 8.<br>124-128-бб. | |
| 10 | Кушандын маданияты жана диний ишенимдери | 1 | 13.10.2022. | -Диний ишенимдердин коомдук турмушка жана маданиятка тийгизген оң, терс жактарын белгилейт.<br>-Тексттер жана сүрөттөр менен иштеп, билимдерин бышыктайт. | §9.<br>128-131-бб. | |
| 11 | Кангүй мамлекети | 1 | 17.10.2022. | -Мамлекеттин пайда болуу болуу себептерин көрсөтөт.<br>-Маанилүү окуяларды мезгил сызыгына жайгаштырып, хронологиялык иретүүлүккө келтирип, кроссворд менен иштейт. | § 10.<br>131-134-бб. | |
| 12 | Эфталиттер падышалыгы | 1 | 20.10.2022. | -Ак гундар, хиониттер этнонимдерин чечмелеп, эфталит түшүнүгүнө аныктама берет.<br>-Тарыхый карта жана сүрөттөр менен иштеп. | §11.<br>135-138-бб. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | билимдерин бышыктайт. | | |
| 13 | Бөлүмдү кайталоо | 1 | 24.10.2022. | -Жумушчу дептер менен иштеп, предметтик компетенттүүлүктөрү калыптанат, топтордо иштеп, негизги компетенттүүлүктөрү калыптанат. | Кайталоо §1-11 чейин | |
| 14 | Чейректик кайталоо | 1 | 27.10.2022. | -Тест, тапшырмаларды аткарышат. Алган билимдерин бышыкташат. | Кроссворд түзүү. | |
| **2- чейрек 16 саат** | | | | | | |
| | **II бөлүм. Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациянын өнүгүшү** | | | | | |
| 15 | Түрктөрдүн көчмөн цивилизациясы | 2 | 07.11.2022.<br>10.11.2022. | -Улуу Түрк кагандыгынын түзүлүүсүнө, бөлүнүүсүнө таасир тийгизген ички, тышкы шарттарды аныктайт.<br>-Мамлекеттин өнүгүүсүн кагандардын ишмердүүлүгү аркылуу анализдейт | § 12 - 13.<br>139-145-бб. | |
| 16 | Түргөштөрдүн көчмөн кагандыгы | 1 | 14.11.2022. | -Сары түргөштөр менен кара түргөштөрдүн ортосундагы тирешүүлөрдүн себеп-натыйжаларын аныктайт.<br>-Кагандардын ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзөт. | § 14.<br>146-148-бб. | |
| 17 | Көчмөн карлуктардын мамлекети | 1 | 17.11.2022. | -Карлук мамлекетинин тарыхтагы орду, ислам дининин аймакка таркашына тийгизген таасири тууралуу айтып берет.<br>-Тапшырмалар иштеп, билимин бышыктайт. | §15.<br>148-151-бб. | |
| 18 | Уйгур кагандыгы | 2 | 21.11.2022.<br>24.11.2022. | -Кагандыктын түзүлүшү, кыйрашынын себеп-натыйжаларын анализдейт.<br>-Саясий күчтөрдүн алмашуусунан келип чыккан өзгөрүүлөрдү белгилейт. | § 16.<br>152-155-бб. | |
| 19 | Азиянын батышындагы көчмөндөрдүн мамлекети | 2 | 28.11.2022.<br>01.12.2022. | -Батыштагы көчмөн мамлекеттер, түрк тилдүү элдер тууралуу маалыматтарга ээ болуп, аларды анализдейт.<br>-Тапшырмаларды иштеп, билимин бышыктайт. | §17.<br>156-161-бб. | |
| 20 | Көчмөндөрдүн башкаруу түзүмү жана аскердик күчтөрү | 1 | 05.12.2022. | -Түрктөрдүн башкаруу системасы, саясий жана аскердик чиндери, ички жана тышкы саясаты тууралуу маалыматтарды анализдейт.<br>-Схема аркылуу согушуу тактикасын анализдейт. | § 18.<br>161-164-бб. | |
| 21 | Көчмөндөрдүн руханий | 1 | 08.12.2022. | -Көчмөндөрдүн дүйнө таанымы, мифологиясы | § 19. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | маданияты | | | тууралуу маалыматтарга ээ болуп, азыркы турмуштагы каада-салттар, диний ишенимдер менен салыштырат<br>-Руна жазмасы менен иштейт. | 165-167-бб. | |
| 22 | Көчмөндөрдүн материалдык маданияты | 1 | 12.12.2022. | -Турмушта колдонулган мал чарбасынын продукциясын атап, маанисин түшүндүрөт.<br>-Көчмөндөрдүн кийим-кечелерин сүрөт боюнча салыштырып анализдейт, өзгөрүүлөрдү белгилейт. | § 20.<br>168-170-бб. | |
| 23 | Көчмөндөрдүн чарбасы | 1 | 15.12.2022. | -Көчмөндөрдүн чарбасынын өзгөчөлүктөрү, бүгүнкү күндөгү кыргыздардын чарбасына окшош жактарын аныктап анализдейт.<br>-Сүрөт менен иштеп, турак-жайдын өнүгүү тарыхын, өзгөрүүлөрүн белгилейт. | §21.<br>170-172-бб. | |
| 24 | Борбордук Азияга ислам цивилизациясынын келиши | 2 | 19.12. 2022.<br>22.12.2022. | -Көчмөн жана отурукташкан цивилизациялардын өз ара маданий алакалары тууралуу анализдейт.<br>-Ислам маданиятынын көчмөн дүйнөгө тийгизген таасири тууралуу айтып берет. | § 22.<br>172-177-бб. | |
| 25 | Бөлүмдү кайталоо | 1 | | -Жумушчу дептер менен иштеп, предметтик компетенттүүлүктөрү калыптанат, топтордо иштеп, негизги компетенттүүлүктөрү калыптанат. | Кайталоо §12-22 чейин | |
| 26 | Чейректик кайталоо | 1 | | -Тест, тапшырмаларды аткарышат. Алган билимдерин бышыкташат. | Кроссворд түзүү. | |

**6-класс.**

# II БӨЛҮК. Кыргызстан тарыхы

## (Кыргыздардын кочмөн жана отурукташкан цивилизациясы)

**2022-2023-окуу жылына карата календарлык-тематикалык план**

**(жумасына -1 саат, жылына -36 саат )**

| № | Сабактын темалары | Сааты | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжа | Үй тапшыр-масы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **3- чейрек 20саат** | | | | | | |
| **I бөлүм. Кыргыздардын ата-бабалары кочмөн жана отурукташкан цивилизациянын башатында** | | | | | | |
| 1 | Кыргызстан аймагындагы таш жана коло доору | 1 | 12.01.2023 | -Кыргызстандагы таш жана коло доору тууралуу жалпы маалыматтарга ээ болушат | § 1.<br>6-10-бб. | |
| 2 | Сактар | 1 | 16.01.2023. | -Сактар, сак уруу бирикмеси, аладын көз карандысыздык үчүн күрөшү тууралуу маалыматтарга ээ болот.<br>-Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүнө, тарыхтагы ордуна баа берет. | §2.<br>11-15-бб. | |
| 3 | Сактардын материалдык жана руханий маданияты | 1 | 19.01.2023. | -Сак уруу союздарынын чарбачылыгы, коомдук түзүлүшү, сактардын турмушундагы жылкынын ролу тууралуу айтып берет.<br>-Кочмон турмуштагы мал чарбачылыктын мааниси жана орду тууралуу анализ жүргүзөт. | §3.<br>16-22-бб. | |
| 4 | Усун мамлекети | 1 | 23.01.2023. | -Усун этнонимине, Чигучень аталышына түшүндүрмө берет.<br>-Улуу Жибек жолунун маданий жана экономикалык жактан маанисин белгилейт. | § 4.<br>22-26-бб. | |
| 5 | Дабан мамлекети | 1 | 26.01.2023. | -Дабан. "Коктон түшкөн аргымактар" экспансия түшүнүк торүнө аныктама берет.<br>-Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн анализдеп, баа бере алат. | § 5.<br>27-31-бб. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | -Тапшырмаларды аткарып билимдерин бышыкташат. | | |
| 6 | Кыргызстандын аймагындагы шаар цивилизациясы | 1 | 30.01.2023. | - Кыргызстандын аймагындагы байыркы кыштактар, шаарлардын пайда болушу тууралуу маалыматка ээ болушат, түшүнүктөрүн айтып берет. | § 6.<br>31-34-бб. | |
| 7 | Байыркы кыргыздар: чарбасы жана дүйнө таанымы | 2 | 02.02.2023.<br>06.02.2023. | -Кыргыздардын байыркы Ата Журту жана алгачкы мамлекети тууралуу маалыматка ээ болот, айтып бере алат.<br>-Маанилүү окуяларды хронологиялык ирээтте жайгаштырып анализдейт. | §7.<br>34-36-бб. | |
| 8 | Кайталоо | 1 | 09.02.2023. | -Өтүлгөн темалар боюнча тест, тапшырмаларды аткаруу менен алган билимдерин бышыкташат. | § 1- §7 чейин | |
| 9 | Кыргыздар Енисейде | 1 | 13.02.2023. | -Эне-Сай, Миң-Өзөн, "Сибирдин Италиясы" түшүнүктөрүнө аныктама берип маанисин айтып бере алат.<br>-Жумушчу дептердеги тарыхый даректер менен иштеп, билимдерин бышыктайт. | § 8.<br>37-43-бб. | |
| 10 | Енисейде Кыргыз мамлекетинин калыптанышы | 1 | 16.02.2023. | -Борбордук Азиядагы саясий күчтөрдүн алмашуусунун кыргыздардын иш-аракетине тийгизген таасири тууралуу айтып берет.<br>-Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн анализдей алат. | § 9.<br>43-45-бб. | |
| 11 | Кыргыз-кытай мамилелеринин чыңдалышы | 1 | 20.02.2023. | -Кыргыз мамлекетинин түзүлүшүнө шарт түзгөн себептерди санап бере алат.<br>-Ышбара Шибакүй Ачжандын элчилигин анализдеп, жыйынтык чыгарат.<br>-Тапшырмаларды иштеп билимдерин бышыкташат. | §10.<br>45-47-бб. | |
| 12 | Кыргыз каганы - Баребек | 2 | 23.02.2023.<br>27.02.2023. | -Баребек кагандын саясий ишмердүүлүгү. Ынанчу Алп Билге титулу, элчиликтер тууралуу маалымат алып, анализ жүргүзөт.<br>-Саясий кырдаалды талдап,оң жана терс жактарын белгилеп, жыйынтык чыгарат. | § 11.<br>48-50-бб. | |
| 13 | Борбордук Азиядагы 710-711-жылдардагы согуш | 1 | 02.03.2023. | -Согуштун себептери, башталышы, жүрүшү жана жеңилүүнүн даталарын хронологиялык тартипте жайгаштырып айтып бере алат. | § 12.<br>50-54-бб. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | -Текст жана тарыхый даректер менен иштеп, жеңилүүнүн себептерин анализдейт. | | |
| 14 | Кайталоо | 1 | 06.03.2023. | -Жумушчу дептер менен иштеп, маалыматтык, хронологиялык, картографиялык, тарыхый-цивилизациялык компетенттүүлүктөрү калыптанат.<br>-Топтордо иштеп социалдык-коммуникативдик, жарандык өзүн-өзү өнүктүрүү компетенттүүлүктөрү калыптанат. | §8-§12 чейин. | |
| 15 | Кыргыз мамлекетинин көз карандысыздык үчүн күрөшү (VII кылымдын аягы – IX кылымдын башы) | 1 | 09.03.2023. | -Барсбектин жеңилүүсүнөн кийинки кыргыздардын абалын, Кыргыз-Кытай мамилелерин, Уйгур кагандыгы менен болгон мамилелерди анализдеп, айтып берет.<br>-Маанилүү даталар менен иштей алат. | § 13.<br>55-58-бб. | |
| 16 | Кыргыз мамлекетинин башкаруу түзүмү | 2 | 13.03.2023.<br>16.03.2023. | -Саясий жана аскердик титулдарга аныктама берип, алардын ишмердүүлүгү жөнүндө айтып бере алат.<br>-Титулдарды ээлеген кызматы боюнча схемага жайгаштырып, чечимин түшүндүрөт. | § 14.<br>58-60-бб. | |
| 17 | Чейректик кайталоо | 1 | 16.03.2023. | -Өтүлгөн темалар боюнча тест, тапшырмаларды аткаруу менен алган билимдерин бышыкташат. | Кроссв. түзүү | Кошумча |
| **4- чейрек 16саат** | | | | | | |
| 18 | Кыргыздардын куралдуу күчтөрү | 1 | 30.03.2023. | -Куралдуу күч, курал-жарак, оор жана жеңил куралданган жоокерлер тууралуу тапшырмаларды иштеп, жооп берет.<br>-Сүрөт менен иштеп билимдерин бышыктайт. | §15.<br>61-64-бб. | |
| 19 | Кыргыздардын руханий маданияты | 2 | 03.04.2023.<br>06.04.2023. | -Орхон-Енисей жазуулары, кыргыздар колдонгон эн-тамгалар, жыл эсеби, календарь тууралуу билимдерин бышыктайт.<br>-Тапшырмаларды иштеп, маалыматтарды анализдеп айтып берет. | § 16.<br>64-69-бб. | |
| 20 | Кыргыздардын диний ишенимдери | 1 | 10.04.2023. | -Кыргыздардын алгачкы диний элестөөлөрү жана дүйнө таанымы тууралуу маалыматтарды анализдеп, мурдагы билимдери менен салыштырат<br>-Тапшырмаларды иштеп, анализдеп, билимин бышыктайт. | § 17.<br>69-73-бб. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 21 | Кайталоо | 1 | 13.04.2023. | -Өтүлгөн темалар боюнча тест, тапшырмаларды аткаруу менен алган билимдерин бышыкташат. | §15-§17 чейин | |
| 22 | Кыргыздардын чарбасы | 2 | 17.04.2023.<br>20.04.2023. | -Кыргыздардын чарбасы жана күнүмдүк турмуш-тиричилиги, табият менен байланышы тууралуу анализдеп айтып берет. | § 18.<br>74-78-бб. | |
| 23 | Кыргыздардын материалдык маданияты | 1 | 24.04.2023. | -Материалдык маданияттын түрлөрүн атап, алардын маанисин түшүндүрүп берет.<br>-Сүроттор менен иштеп, жазуу жүзүндө өз оюн билдирип, азыркы материалдык маданият менен салыштырып, оюн бышыктайт. | § 20.<br>80-82-бб. | |
| 24 | Кыргызстандагы отурукташкан маданият (VI – VIIIкылымдар) | 2 | 27.04.2023.<br>04.05.2023. | -Отурукташкан маданияттын өзгөчөлүктөрү, натыйжалары, калктын этникалык жана социалдык курамы, диний ишенимдери тууралуу анализдеп, айтып бере алат.<br>-Тапшырмаларды иштеп, билимин бышыкташат. | §21.<br>82-85-бб. | |
| 25 | Кыргыздардын этно-маданий байланыштары | 2 | 08.05.2023.<br>11.05.2023. | -Кыргыздар менен мамиле кылган урууларды атап, байланыштын максаттарын жана натыйжаларын белгилейт.<br>-Тарыхый даректер менен иштеп маалыматтарды анализдеп, жыйынтык чыгара алат. | § 19.<br>79-80-бб. | |
| 26 | Кайталоо | 1 | 15.05.2023. | -Өтүлгөн темалар боюнча тест, тапшырмаларды аткаруу менен алган билимдерин бышыкташат. | Тест түзүү | |
| 27 | Улуу Жибек жолу жана Кыргызстан | 1 | 18.05.2023. | -Улуу Жибек жолу, анын негизги багыттары, товарлардын трлр тууралуу билимдерин бышыктап, айтып бере алат.<br>-Уламышты окуп чыгып, тесттерди иштеп, жоопторуна комментарий берет. | § 22.<br>85-90-бб. | |
| 28 | Чейректик кайталоо | 1 | 22.05.2023. | - Темаларды кайталап, жумушчу дептердеги тапшырмаларды аткарып, алган билимдерин бышыкташат. | | |
| 29 | Жыйынтыктоочу кайталоо | 1 | 25.05.2023. | -Жалпы өтүлгөн темалар боюнча билимдерин бышыктап, турмушта пайдалана алат. | | |

| “Бекитемин” [signature] | “Бекитемин” [signature] | “Бекитемин” ____ | “Бекитемин” ____ | “Бекитемин” ____ |
|---|---|---|---|---|
| “29” 09 2021-ж. | “19” 09 2022-ж. | “ ” ____ 20 __-ж. | “ ” ____ 20 __-ж. | “ ” ____ 20 __-ж. |

**Класс: 6 Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү**

**Предмет: Дүйнө тарыхы**

**Сабактын темасы: Байыркы Согд.**

***Негизги компетенттүүлүктөр: НК***

1. Маалыматтык; НК1
2. Социалдык-коммуникативдик; НК2
3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү; НК3

***Предметтик компетенттүүлүктөр: ПК***

1. Хронологиялык жана картографиялык; ПК1
2. Тарыхый-цивилизациялык; ПК2
3. Этномаданий; ПК3
4. Социалдык-жарандык; ПК4

| Сабактын максаты | Сабактын мазмуну | Компетентүү-лүк НК | ПК | Колдонуучу материалдар | Усулдар | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** Байыркы Согд орду, калкы. Жаратылыш шарты, андагы падышачылык-тар жөнүндө маалыматтарды окуп, суроо берип талкуу жүргүзүү аркылуу тема боюнча кенири маалымат | **Уюштуруу:** Класстын тазалыгына көңүл буруу, иш ордун уюштуруу. Окуучуларды толуктоо.<br>**Өтүлгөн теманы кайталоо:**<br>**Суроо- жооп жүргүзүлөт.**<br>**Жаңы тема: Байыркы Согд.**<br>**1-кадам**: Окуучулар саноо жолу менен чакан топторго бөлүнөт. Аларга ар кандай түстөгү номерлер таратылат. Мисалы: биринчи топко кызыл, экинчи топко көк, үчүнчү топко сары ж.б. Бул кийин өз тобун табууга жардам берет(2-3мүн).<br>**2-кадам:** Ар бир топ номерлери боюнча бөлүнүп, кайрадан жаңы топту түзүшөт. Мисалы: биринчи номерлер биринчи топко, экинчи номерлер өзүнчө экинчи топко ж.б. Аларга мисалы: биринчи топко 1-кичи тема, экинчи топко 2-тиркеме, үчүнчү топко 3-кичи тема бөлүнүп берилет(2-3 мүн).<br>**3-кадам:** Окуучулар берилген кичи темаларды өз алдынча окуп чыгышат жана бири-бирине суроо берүү, талкулоо аркылуу | **НК**<br><br>**НК1**<br>**НК2**<br>**НК3** | **ПК**<br><br>**ПК1**<br>**ПК2**<br>**ПК3** | **Окуу китеби** | **Ангемелешүү**<br><br>**Топтордо иштөө** | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| алышат.<br>**Тарбиялык:**<br>Акыл-эстүүлүккө, эмгекчилдикке тарбияланышат.<br>**Өнүктүрүүчүлүк:**<br>Текст менен иштей билүү көндүмдөрүнө ээ болушат. | башкаларга айтып бергидей деңгээлде даярданышат (4 мүн).<br>**4-кадам:** Берилген убакыт бүткөндө алар өз топторуна номерлердин түстөрү боюнча(кызылдар өзүнчө, көктөр өзүнчө, сарылар өзүнчө) келип отурушат. 1-кичи теманы алган окуучудан баштап, даярданган тексттерин бири-бирине айтып беришет (ар бир окуучуга эки –үч мүнөт). Картадан көрсөтүшөт.<br><br>**Бышыктоо:**<br>**5-кадам:** Топтор карточкадагы суроолорго жооп беришет.<br><br>№1<br>Чарбанын өнүгүшү кандай болгон?<br><br>№2<br>Эмне үчүн шаар Афросиаб деп аталган?<br><br>№3<br>Согдулуктардын байыркы шаарлары жөнүндө айтып бер ? | НК2<br>НК3<br><br>НК2<br>НК3 | ПК1<br>ПК2<br>ПК3<br><br>ПК1<br>ПК2<br>ПК3 | 1-карточка<br>2-карточка<br>3-карточка<br>4-карточка<br>5-карточка | **Топтордо иштөө**<br><br>**Топтордо иштөө**<br><br>**Топтордо иштөө** | **Калыптандыруучу**<br><br>**Калыптандыруучу**<br><br>**Калыптандыруучу**<br>**Суммативдик** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | №4<br>Согдулуктар эмне үчүн Жети –Сууга көчүп келишкен?<br><br>**Билимдерин баалоо:** Баардык топтогу окуучулар айтып бүткөндөн кийин канчалык деңгээлде бири-бирине түшүндүрүп айта алгандыгын суроо менен, берилген тапшырмаларды туура аткарганына карап аларга баа коюлат.<br><br>**Үйгө тапшырма берүү: § 4 окуп келүү, суроолорго жооп жазып келүү** | | | | | |